*believe in myself*".

Бул котормо туура, бирок тексттин эмоционалдык күчү, каармандын таасири жана мугалимдин ролу туура берилген жок. Машиналык котормо, адатта, адабий маани менен эмоцияларды түшүнбөй калат.

Машиналык котормо куралдары ылдам жана натыйжалуу болуп, көпчүлүк учурда техникалык тексттерди которууда жакшы натыйжа берет. Бирок көркөм тексттерди которууда алардын чектөөлөрү ачык көрүнөт. Машиналар көбүнчө сөзмө-сөз которуу ыкмасын колдонууну көздөп, контексттин, стилистиканын жана эмоционалдык маанидеги айырмачылыктарды эске албайт. Бул, өз кезегинде, оригиналдуу тексттин терең маанисин жоготууга алып келиши мүмкүн.

Көркөм тексттердин, айрыкча, поэзиянын которулушунда адамдын катышуусу маанилүү. Адам котормочу тексттин эмоционалдык жүгүн, стилистикалык өзгөчөлүктөрүн жана жазуучунун оюна негизделген терең маанини сактап, аны туура которо алат. Машиналык котормо куралдары бардык жагынан адамды алмаштыра албайт, анткени алар тек гана грамматикалык жана лексикалык деңгээлде иштейт, ал эми жазуучу өзүнчө инсандык жана чыгармачыл чеберчиликке ээ.

**Адабияттар:**

1. Айтматов, Ч. Т. Жамийла. - Бишкек, 2018.
2. Айтматов, Ч. Т. Jamiliya. - Л., 2008.
3. Айтматов, Ч. Т. Джамилия. - М., 2018.
4. Айтматов, Ч. Т. Биринчи мугалим. - Бишкек, 2023. - 80 б.
5. Айтматов, Ч. Т. Первый учитель. - М., 2018. - 90 б.
6. Айтматов, Ч. Т. First teacher. - Л., 2008. - 95 б.

5. Tomkova, M., Popel M. Transforming machine translation: a deep learning system reaches news translation quality comparable to human professionals [Text] / M. Tomkova, M. Popel. - H., 2023.

6. Беляева, Л. Н. Машинный перевод в современном технологическом процессе перевода [Текст] / Л. Н. Беляева // Известия РГПУ им. А. И. Герцена. - №203. - 2022.

DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-61-272-279
УДК: 801

***Жумашова Н. А.,*** *филол. илимд. канд.*
*nazira2101@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-7431-9959*
***Омурканова С.,*** *магистрант*
*Saikal0119@gmail.com*
*ORCID: 0009-0009-3506-8439*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

## "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ ТЕРС КААРМАНДАРДЫН ОБРАЗДАРЫНЫН БЕРИЛИШИ (Көзкамандар окуясы боюнча)

*Макалада ички душман болгон Көзкамандардын Манас баатырдын ийгиликтерин, бийлигин, атак-даңкын, байлыгын, дүнүйө-мүлкүн, төрт түлүк малдарын көрө албастыгы, "бир жеңден кол, бир жакадан баш" чыгарган уюткулуу эл-журттун, калайык калктын ынтымагын бузуп, биримдүүлүгүн бөлүп-жарып, ыдыратып кастык кылууга аракеттенүүсү, өзүлөрүнүн жеке керт баштарынын кызыкчылыгы үчүн душмандарына жан тартып, баатырдын көзүн тазалоо максатында эч нерседен кайтпастыгы, Ата-журт мекенине, өз туулуп өскөн жерине, тууганына чыккынчылык жасоосу, ичтен чыккан душман экендиги тууралуу сөз болду.*

*Манас элдин эркиндиги үчүн күрөшкөн элдик баатыр болгондуктан, ага каршы турган адамдар жеке Манаска гана эмес, элдин эркиндигине, биримдигине каршы күрөшүүчүлөр катары кабылданат. Ошондуктан Көкчөкөз, Көзкамандардын ысымдары эң коркунучтуу ички душмандардын катарында аталат. Жекече кызыкчылыгы, мал-мүлк, бийлик үчүн кандаш туугандарына чыккынчылык кылуу эң жаман жийиркеничтүү кылмыш катары каралат.*

***Түйүндүү сөздөр***: *"Манас" эпосу, Ата журт, мекен, улут, душман, эпос, вариант, чыгарма, каарман, образ, мурас, улут, достук, ынтымак, ач көздүк, биримдик, эл-жер.*

***Жумашова Н. А.***, *канд. филол. наук*
*nazira2101@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-7431-9959*
***Омурканова С.***, *магистрант*
*Saikal0119@gmail.com*
*ORCID: 0009-0009-3506-8439*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## ИЗОБРАЖЕНИЕ ОТРИЦАТЕЛЬНЫХ ПЕРСОНАЖЕЙ В ЭПОСЕ "МАНАС" (НА ПРИМЕРЕ ЭПИЗОДА С КОЗКАМАНАМИ)

*В статье рассматриваются зависть к достижениям, власти, славе, богатству и имуществу Манаса батыра его внутренних врагов Козкаманов, а также разрушение единства и сплочённости народа, предательство родной земли, родины и близких. Отрицательные персонажи, движимые личными интересами, становятся союзниками врагов, идут на предательство, и даже пытаются уничтожить героя, не останавливаясь ни перед чем. Особое внимание уделяется тому, что такие персонажи, как Кокчокоз и Козкаманы, считаются одними из самых опасных внутренних врагов, которые были против Манаса. Манас народный герой. Значит, те против своего народа. Их предательство ради власти, богатства и личной выгоды рассматривается как самое мерзкое и отвратительное преступление.*

***Ключевые слова***: *эпос "Манас", родная земля, Родина, нация, враг, эпос, вариант, произведение, персонаж, образ, наследие, дружба, единство, жадность, сплочённость, народ, земля.*

***Zhumashova N. A.***, *Ph.D. in philology*
*nazira2101@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-7431-9959*
***Omurkanova S.***, *masters student*
*Saikal0119@gmail.com*
*ORCID: 0009-0009-3506-8439*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol city, Kyrgyzstan*

## THE DEPICTION OF NEGATIVE CHARACTERS IN THE EPIC "MANAS" (BASED ON THE EPISODE WITH KÖZKAMAN)

*This article explores the themes of envy towards the hero's achievements, power, fame, wealth, and possessions, as well as the destruction of unity and cohesion within the community. It addresses the betrayal of one's homeland, native land, and kin, driven by personal interests. Negative characters, siding with enemies for personal gain, commit treachery and even attempt to eliminate the hero, stopping at nothing. Special attention is given to characters like Kökchököz and Közkamandar, who are regarded as some of the most dangerous internal enemies. Their betrayal for the sake of power, wealth, and self-interest is depicted as the most heinous and repulsive crime.*

***Keywords***: *the epic "Manas," homeland, nation, enemy, epic, variant, literary work, character, image, heritage, unity, friendship, greed, cohesion, people, land.*

Манас эпосу – кылымдар бою ооздон-оозго, укумдан-тукумга, атадан балага өтүп,

көздүн карегиндей сактап ыйык тутулуп келген өлбөс-өчпөс эстелиги, элибиздин улуттук сыймыгы, байыркы ата-бабаларыбыздан калган улуу мурасы. Ошондой эле бул жарык дүйнөдөгү жакшылык менен жамандыктын, өмүр менен өлүмдүн, кол ачыктык менен ач көздүктүн, тынчтык менен согуштун, бейпилдик менен алааматтын, марттык менен сараңдыктын, ак менен каранын тынымсыз күрөшүн тактаган, өткөн менен азыркынын байланышын камсыздап, бул ааламды бейпилдикке, жалпы адамзатты аруулукка, ынтымакка чакырган касиеттүү туюм.

«Манас" эпосунун эң негизги максаты – эркиндикке умтулуу, көз каранды болуудан кутулуу, эл-жерди сырткы жана ички душмандардан көздүн карегиндей сактоо, Ата-журтту, Мекенди чын дили менен берилип сүйө билүү, элдин бак-таалайы, жыргалчылыгы, эркиндиги, теңдиги үчүн кашык каны калгыча күрөшүү; ал эр жүрөктүүлүккө, адептүүлүккө, ак ниеттүүлүккө, чынчылдыкка, адамдарды бирин-бири кадырлап сыйлоого, улууну урматтап, кичүүгө ызаат кылууга, ошондой эле достукка, ак сүйүүгө туруктуу болууга, тунук махабатты чаң жугузбай аруу сактоого чакырат.

«Манас" айтып жаткан жомокчулардын ар бири өз кудуретине жараша көркөмдөп, куюлуштуруп, кошумча-алымча кылып айтышкан. Бирок «Манастын" салттуу окуяларын өзгөртпөй кийинки муундарга калтырганын эл колдоп, тандап турган. Ошондой эле андагы каармандардын кебете-кешпирлери, кулк-мүнөздөрү өтө элестүү айтылганынан улам, уккан адамдардын көз алдына айрым каармандардын элестери даана тартылып, көкүрөктөрүндө жатталып калган.

Адатта, кандай гана эл болбосун, ар дайым бир борбордук биригүүгө умтулуп, өзүнүн көз карандысыздыгы үчүн талыкпай күрөшөт. Мына ушунун өзү эле ошол элге таандык баатырдык эпикалык чыгармалардын мазмундук-идеялык өнүгүүсүнө шарт түзөт.

Негизинен, эпостогу терс каармандар ички жана тышкы душман болуп экиге бөлүнөт. «Тышкы душмандарга сырттан басып кирип, элди талап тоногон, залимдик, кара мүртөздүк сапаттар көп орун алган, ошондой эле ар-намыс, өз сөзүндө туруу деген сыяктуу түшүнүктөр жат болгон каармандар кирет. Ал эми жеке кызыкчылыктары үчүн аракеттенген ички душмандар да ошондой эле коркунучтуу. Алар коркоктор, эки жүздүүлөр, ушакчылар, ач көздөр, алдамчылар, алдым-жуттумдар, наадандар, бузукулар, чыккынчылар, кара санагандар болуп эсептелет» [4].

Ата-бабаларыбыздын түшүнүгүндө өзүнчө бөлүнүп жашоого мүмкүн эмес, мындан эч убакта, эч бир заманда эч ким пайда тапкан эмес. Ошон үчүн элибизде байыртан “Тиричиликтин күчү бирдикте”, “Ынтымак түбү – ийгилик, тиричилик түбү – бирдик”, “Жалгыз дарак токой болбойт”, “Бирдик болбой, тирдик болбойт” деген өңдүү акылман философия жашап келет. “Манас” – дал ушундай философияга сугарылган чыгарма. "Манас" эпосунун түндүгүн көтөрүп турган үлкөн идеялардын бири достук, ынтымак, туугандар ортосундагы биримдик идеясы дал ушундай концептуалдык дүйнө түшүнүктөн агып чыгат.

Акылман Кошойдун Манаска айткан төмөнкү сөздөрү ар бир кыргыз жаранынын ар дайым кулагында да, рухунда да, жүрөгүндө да жаңырып турса кана:

Үзүлгөндү улайлы,
Чачылганды жыйнайлы.
Жоголгон жокту табалы,
Журт айласын кылалы.
Азган-тозгон аз элге
О, балам, караан болуп туралы.

Ала-Тоолук ар бир атуулда ушундай коомчул нраваны калыптандырууга жетишибиз керек. Ар бирибиздин ичибизде Кошойдун руху жетип, ар кандай өз

күнөөлөрүбүздү сезип, мойнубузга алып, бир жеңден кол чыгарып, бир жакадан баш чыгарып Ата мекенге, Ата журтка ак дилден кызмат кылалы. Ошондо гана оңолуп, өзүбүз да, мекенибиз да гүлдөп өнүгөт.

Эпосто жогоруда айтылган идеяларга каршы иш кылган каармандар, аларга байланыштуу окуялар да бар. Биз сөз кыла турган – “Көзкамандар окуясы”. Дээрлик бардык варианттарда окуянын сюжеттик өзөгү окшош болгону менен, окуянын өнүгүшү, каармандардын ысымдары, саны ар башкача берилет. С. Каралаевдин вариантында Көзкаман менен Көкчөкөз бир тууган делип, Желтийбес, Чоңдаяк, Орозон бешөө Эсенкандын тапшырмасы менен Манасты өлтүрүүгө атайын келишет. Ал эми М. Чокморовдун вариантында кыргыздардын чабылып-чачылып туш-тушка айдалышы сырткы баскынчылардын басып алуусунан эмес, тескерисинче, ичтен душман болуп чыккан аталаш туугандарынын бийлик үчүн салгылашкан зордук зомбулуктарынын натыйжасында болот. Аталыктын баласы Көзкаман Манастын атасы Жакыптан бийликти тартып алып, аны үй-бүлөсү менен тентитип жиберет. Бул вариантта Жакыптын тентүүсү эпикалык душмандар тарабынан болбостон, ага-туугандардын өз ара араздашуусунан келип чыгат. Эпосто Көзкаман төрөлгөндө эле түпкүлүгүндө кыргыздарга душман боло тургандыгын алдын ала билген Үрбүбү:

“Он бетинде калы бар,
Сол көзүндө калы бар,
Арамдан арам туулган,
Мунун башкача жолу дагы бар.
Чочуп кетип Үрбүбү,
Орумбет канга кеп айтып,
Мына бу келген баланын,
Поруму башка экен деп,
Журтуңа кошуп сурайсың.
Укумунан тукуму
Сизден чыккан тукумга
Каным, каршы болот экен” [6] - деп сынайт да, түбү Манаска каршы экендиги айтылат. Көзкаман эрезеге жеткенде, Жакыптан бийликти тартып алып, аны Ата журтунан кууп, тентитип жиберет. Көзкамандардын зордук-зомбулугунун айынан Жакып керт башын корголотууга аргасыз болот. Жакып аялдарын ээрчитип, өз жакындары жакшылык кылбасын билип, эл-жер кыдырып, акыры Арстанбапка келип, дыйканчылык менен күн көрүп, уулу Манас эрезеге жеткенде гана кайра эл-журтуна кайтып келет.

В. Радлов жарыялаган эпостун варианттарында кызын Манаска берген Темирканга нааразы болгон вазири кыргыз менен калмактын ортосунда тынчылык кылган Көзкаман менен Көкчөкөзгө Манасты уу берип өлтүрүүгө буйрук берет. “Мажму ат-таварихте” чыккынчы Тубайды Манасты өлтүрүүгө Жолой жиберет. Көзкамандардын Манаска каршы күрөшүндө, айрыкча, Көкчөкөз активдүү аракеттенет. Сагынбайдын вариантында маселенин ушул жагына көбүрөөк көңүл бурулат [8]. Манастын атасы Жакыптын Үсөн аттуу агасы болот. Кыргыздарды катуу кырганда ал калмактардын колуна туткунга түшүп, кийин алардын жеринде экинчи жолу калмактан аял алып, балдары ошолордун таасиринде башка жерде, башка элде чоңоюшат. Калмактар Үсөн атын жоюшуп, Көзкаман аташат. Ошол Үсөн-Көзкаман карып калган чагында Манастын эрдигин, зордугун, кыйла душмандарды талкалап, ата-бабасынын жерине кайрадан ээ болгондугун алыстан угуп, балдарын ээрчитип өз тууган жерине көчүп келишет. Жакып менен Манас тигилердин келгенине сүйүнүп, чоң той өткөрүп беришет. Ошондой эле аларга мал-мүлк энчилеп, Ат-Башыны бөлүп берет. Бирок

алардын үрп-адаты, кийген кийими, жүрүм-туруму бүт калмакча болгондуктан, кыргыздардын турмушуна көнө албай, өздөрүн башкача сезишет.

Калмактан келген кашайгырлар мал-мүлктүү, үй-жайлуу болгондугуна сүйүнүшүп Манаска ыраазы болгондун ордуна, Манас менен тең туугандык кылышып, ага атаандашат жана Манасты хандыктан алууну, анын ордуна такка отуруп, кыргыз элин башкарууну самашат.

“Өзөндөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман” деген макалда айтылгандай, Манастын жергесине келип, анын кызматын кылып, тынч жашагандын ордуна, элди, бийликти тартып алууну көздөшөт. Бийлик бул учурда баарынан кымбат: атадан, ага-иниден, урук-туугандан жогору бааланат.

“Балдарынын оюн байкаган Үсөн балдарына кайрыла: “Атадан калган жерге, атагы кыргыз элге алып келдим. Манастын аркасы менен эли-жерди таптык, эл катарына кошулдук. Манаска тийчү болсонор, эң алды менен мени сойгула”, - деп ал жолдон кайтармакчы болот. Бирок алар атасынын насаатын угуп, өз ойлорунан кайткандын ордуна, ошол сөздү айтып келген атасын да өлтүрмөкчү болушат. Ошол учурда Үсөндүн балдарынын бири Көкчө Манаска барып, салкын жер сурамыш болуп, байкап келейин деп баатырдын ордосуна кетет.

Бул жерде Көкчөкөздүн оюу Манасты капилет союп, тонун кийип, атын минип, Каныкейди алып, элге ээ болуу, арам оюн жүзөгө тезирээк ашыруу эле. Жер сурап барган Көкчөгө Манас Анжиян менен Кашкардан жер берет. Ал эми Көкчөкөз инилери менен ошол жерге көчүп келишет.

Элдин чети, ээн жерге барып жайгашкан Көкчөкөз, айткандай эле, Манастын көзүн тазалаш үчүн аны кырк чоросу менен алдап конокко чакырат да, уу кошулган кымыз берип сыйлашат. Ууланган Манасты өлтүргөнү жатканда Бозуул Аккулага араң мингизип качырат. Үсөндүн уулу Көкчөкөз артынан кууп, тар кыяда бараткanda Аккелте менен атат. Жарадар болгон Манас аты менен жолдон кулап, үйдөй жалпак арчанын үстүнө түшүп, өлбөй калат. Аң уулап кеткен Сыргак менен Серек Аккуланын изин кууп барышып, баатырды таап алышат жана кыйынчылык менен айыктырышат. Алар кырк чорону табышат.

Ал эми Көзкамандар болсо, айылы менен Таласка, көчүп келип, кутуруп, өз билгенин кылып, “Манастын мал-мүлкүн, кырк чоросун тындым кылдым. Эми кыргыздын менден башка ээси барбы? Эмне кылам десем, мени ким кой дей алат. Манастын ордун ээлеп, эл көзүнө андан кем эмес, артык болуп көрүнүү үчүн катынын алып, ордосуна кирип, тагын минейин, ошондо мага кыргыздан каш кайтарар жан калбас”, - деп Меңдибай Мазакени чакырып алып, Каныкейге мага тийсин деп жиберет. Каныкей болсо мен Көкчөкөзгө тийбейм деп, аларды үйүнөн кубалап чыгат. Көкчөкөзгө барган Меңдибай сени калмак деди, мени көк баш деди, сага тие турган көөнүм жок деп кууп жиберди деп айтып келет.

Көп өтпөй эле Көзкамандар өз жигиттери менен Манастын ордосун талкалап чаап, баатырдын энеси Чыйырдыны баш кылып жакындарын бүт каран түнгө салып, Каныкейди болсо ичерине аш, киерине бүтүн кийим койбой бүт талап-тартып кетип калышат. Көзкамандар жан ачып жардам берген адам менен өлбөгөн жерден калышат. Ким жан ачып жардам берсе, андай адам менен өлбөгөн жерден калышам, кылычташып табышып, акыры андай адамды өлтүрүп гана тынам деп элге кабар салып, жар чакырат. “Тууганынын аялына боор ооруп сыйлагандан ордуна, Каныкейди зордук менен алдырып келип, күндүз кой кайтартып, түндө короо четине тургузуп коёт. Ал эми Чыйырды музоо багып, Манастын аялдары Карабөрк менен Акылай уй саай турган саанчы, карындашы Карлыгач баары биригип, көрбөгөн кордукту өз туугандарынын чыккан ички душмандардын колунан азап тартышат. Мындай абалга эл катуу

кайгырып, кээ бирлери Кошой, Төштүккө кабар берип, жардам сурасакпы дешсе, көпчүлүгү бир дареги билинер, жок дегенде эмне болгонун анык билсек болот эле деп баатырды күтүшөт.

Көзкамандардын балдары Манастын аялдары менен атасынын үйүнө Кашкардан калган мүлүгүн, кашкая чапкан күлүгүн, асылдан болсо алтынын, катындарына чейин бөлүп алуу үчүн чогулушкан болушат. Манастын келе жатканын уккан Көзкамандар чатакташып, бычакташып өлүшөт. “Көзкамандарча бычакташкан” деген сөз эл оозунда ушундан улам калган делет. “Эпос адамдагы ичи тардык менен көрө албастык элди акыры келип кандай алаамат кейипке саларын сапаттап эскертүү катары Көзкамандардын жийиркеничтүү элесин көз алдыга тартат” [1].

Манас элдин эркиндиги үчүн күрөшкөн элдик баатыр болгондуктан, ага каршы турган адамдар жеке Манаска гана эмес, элдин эркиндигине, биримдигине каршы күрөшүүчүлөр катары кабылданат. Ошондуктан Көкчөкөз, Көзкамандардын ысымдары эң коркунучтуу ички душмандардын катарында аталат. Жекече кызыкчылыгы, мал-мүлк, бийлик үчүн кандаш туугандарына чыккынчылык кылуу кылмыштан эң жаман, жийиркеничтүү түрү катары каралат.

Мына ошентип, “Манас” эпосунда аталаш туугандардын элдик баатырдын ийгиликтерин, бийлигин, атак-даңкын, байлыгын дүнүйө-мүлкүн, төрт түлүк малдарын көрө албастыгы, “бир жентден кол, бир жакадан баш” чыгарган уюткулуу эл-журттун, калайык-калктын ынтымагын бузуп, биримдүүлүгүн бөлүп-жарып, ыдыратып кастык кылуу, Ата журт мекенине, өз туулуп өскөн жерине, тууганына чыккынчылык жасоо, өзүлөрүнүн жеке керт баштарынын кызыкчылыгы үчүн душмандарына жан тартып, анын көзүн тазалоо максатында эч нерседен кайтпастыгы, ичтен чыккан душман экендиги ачык эле көрүнүп турат” [5].

Бул окуяда туугандардын өз көмөчүнө күл тартып, мансап, бийлик, байлык, көр оокат үчүн душманга сатылып, элдик баатырдын көзүн тазалап, эл-журттун бийлигин өзүлөрүнүн колуна алуу максатында ага карасантайлык менен кымызга уу кошуп берип чыккынчылык кылганынан улам, Манас баатыр аз жерден өлүп кала жаздап, кыйындык менен айыгат.

Кыргыздын тууганы Манаска чыккынчылык кылышынын себептери ар кандай варианттарда ар башкача мотивдештирилет. “Көзкамандар окуясынын “Манас” эпосунан орун алышынын мезгили, себептери, “Көзкаман” деген ысымдын келип чыгышы тууралуу окумуштуулар арасында ар кандай пикирлер кездешет. Мисалы, бул туурасында академик В. М. Жирмунский: “Бир туугандар ортосундагы араздашуу варвардык доордогу патриархалдык-уруулук мамилердин бузулуу шарттарындагы кеңири таралган кубулуш, ошол коомдук баскычы болгон, бир нече сюжет түрүндө баатырдык эпосто чагылдырылган”, - дейт [7].

Бул окуяда бийлик, мансап, дүнүйө-мүлк, төрт түлүк мал үчүн эл-журтун сатып, жакшылыкка жамандык кылган чыккынчыларга баатыр кол көтөрүп, курал булгап, күч жумшап да отурбайт. Тескерисинче, алардын өзүлөрүн өзүлөрү бычактап өлтүрүшү накта элдик жаза болуп эсептелет. Эпосту жараткан элдин түшүнүгү боюнча, чыккынчыларга мындан артык жазалоонун болушу да мүмкүн эмес.

Мурдатан ата-бабаларыбыз: “Бирөөнүкү бирөөгө ырыс болбойт”, - деп бекеринен айтышпаса керек. Өз кызыкчыктарын биринчи максатка койгон Көзкамандар акыры барып өз жазаларын алышты. Бул жерде айта турган нерсе: жеке керт баштарынан жыргалчылыгы, мансап, байлык үчүн тууган эмес, бүт эл-журтту кыйып жиберүүдөн баш тартпаган Көзкамандар сыяктуу адамдарды азыркы доордун адамдарынан да көп эле көрүүгө болот.

Демек, «Манас» Көзкамандардын образдары аркылуу карасанататайлык менен

ичи тардык, журт бузарлык менен өзүмчүлдүк, дүнүйөкордук менен мансапкордук, ач көздүк менен зулумдук, бой көтөрүүчүлүк менен менменсинүүчүлүк, куру калыстык менен кекирейүүчүлүк сыяктуу адам баласына таандык эң жаман сапаттарды жоюп, бөлүнбөй биримдиктүү эл болуп, өскөн элди, тууган жерди сүйүүгө, ар бир адамды адилеттүү болууга, эли-жерди сырткы жана ички душмандардан сактап, ар дайым ынтымактуу эл болууга адамдарды бири-бирин кадырлап-сыйлоого чакырган көркөм чыгарма болуп эсептелет.

“Манас” эпосундагы “Көзкамандар окуясы”, тагыраак айтканда, анын варианттары, сюжети, идеялык маселелери тууралуу окумуштуулар М. О. Ауэзов, А. Н. Бернштам, З. Мамытбеков, Э. Абдылдаев, С. Мусаев жана башкалар тарабынан аздыр-көптүр сөз болгон экен. Алардын жазган эмгектери менен тааныша келгенибизде, Көзкамандардын аты менен байланышкан эпикалык сюжет боюнча бир топ эле иштер жүргүзүлгөндүгүн, бирок анын тарыхый чындыгын аныктоодо, башкача айтканда, эпостун ошол эпизоддоруна негиз болгон турмуш чындыгын издөөдө мүчүлүштүктөр менен жаңылыштар орун алгандыгы жөнүндө манасизилдөөчү Т. Абдыракунов макалаларында айткан [3].

Ошондой эле бул окуя туурасында Э. Абдылдаев да: “Эпостун XVI кылымдагы версиясына салыштырганда, “Көзкамандар окуясынын” кийинки варианттарында социалдык мамилелер ачык чагылдыргандыгы даана байкалат. Мисалы, Көзкамандар Манастын жакын туугандары катары берилип, алардын ортосундагы карама-каршылык окуядагы негизги эпикалык конфликтти түзөт. Албетте, туугандар арасындагы карама-каршылык патриархалдык-феодалдык мамилелердин белгилүү деңгээлде өнүккөн учурундагы кырдаалга байланышкан тарыхый чындыкты туюндуруп жатат. Демек, башкы баатырды карасанап ууландыруу мотивинин эки башка мезгилдеги айырмачылыктары аркылуу эпикалык окуянын формасы гана трансформациялана тургандыгын көрдүк”, - деп жыйынтыктайт [2].

Демек, ички душмандар үчүн бийлик, байлык, бир туугандан, ага-иниден жогору туруп, алар – өз жакынын өлтүрүүдөн баш тартпаган өтө коркунучтуу адамдар. “Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман” деген элдик макал так ошондой эле эл бузарлар жөнүндө айтылып, анда эки жүздүү жаман “туугандар” чет элдик душмандардан да алда канча коркунучтуу, анткени алар “тууган” деген атты жамынып алышып, байкатпай күтүүсүздөн жамандык иштерин жасашат. Эпос дайыма сак болуу, адамдарга кыраакы мамиле кылуу керектигин эскертип турат.

Жыйынтыктап айтканда, терс каармандардын образдары аркылуу эпос элибизди ынтымакка, биримдикке чакырып турат деп түшүнүп, Көзкаманга окшогон керт башынын гана кызыкчылыгын ойлогон ач көз, эки жүздүү, бийлик, байлык, мансап үчүн Ата журтун, эли-жерин сатып ийүүдөн да кайра тартпаган маңкурттарга арабыздан орун жок деген тарбиялык мааниси күчтүү насыят катары кабыл алуубуз шарт деген ойдобуз.

**Адабияттар:**

1. Акаев, А. Манастан мамлекеттүүккө карай [Текст] / А. Акаев. - Бишкек, 1995.

2. Абдылдаев, Э. “Манас” эпосунун историзми [Текст] / Э. Абдылдаев. - Фрунзе, 2007.

3. Абдыракунов, Т. ”Манас” эпосундагы “Көзкамандар окуясы” жана “тарых чындыгы” [Текст] / Т. Абдыракунов. Китепте: Абдыракунов Т. Бабалардан калган сөз. - Бишкек, 2005.

4. Жайнакова, А. “Манас” эпосундагы патриархалдык-феодалдык мамилелер [Текст] / А. Жайнакова. - Бишкек, 1997.

5. Жумалиев, К. “Манас” эпосундагы адамзаттык идеялар [Текст] / К. Жумалиев. - Бишкек, 1999.

6. Жумалиев, К. Манастаануу [Текст] / К. Жумалиев. - Бишкек, 2012.
7. Жирмунский, В. М. “Манас” – народный героический эпос [Текст] / В. М. Жирмунский. - М.– Л., 1960.
8. Мусаев, С. “Манас”: кара сөз түрүндө баяндама [Текст] / С. Мусаев. - Фрунзе, 1986.